**6-класстын окуучуларын «Сапат» лицейлерине кабыл алуу сынагы тууралуу**

# ЖОБО

## I. Жалпы жобо

Бул Жобо - Кыргыз Республикасынын жалпы орто билим берүү мектептериндеги 6-класстагы окуучулардын Эл аралык “Сапат” билим берүү мекемесинин лицейлерине кабыл алуу сынагын өткөрүү тартибин аныктайт.

Сынакты өткөрүү боюнча Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин уруксаты алынып, сынакты өткөрүү борборлору райондук/областык (шаардык) билим берүү бөлүмдөрүнүн башчылары менен макулдашылат.

## II. Кабыл алуу сынагын уюштуруу тартиби

Кабыл алуу сынактары 2 баскыч менен жүргүзүлөт.

**2.1. I-баскыч:** Окуу жылынын апрель айынын алгачкы жумасында өткөрүлөт. Сынактын биринчи турунда суроо китепчесинде 75 суроо берилген, суроолор кыргыз/орус тилдүү класстарга жараша түзүлөт жана төмөндөгү предметтерди камтыйт:

- Математика - 40 суроо
- Кыргыз тили, Орус тили - 20 суроо
- Тарых - 5суроо
- География - 5 суроо
- Биология - 5 суроо

**2.2.** Сынактын жалпы мөөнөтү- 100 мин. Сынактын суроолору предметтик кафедра жетекчилери тарабынан 6-класстын программасынын негизинде даярдалат. Сынак учурунда катышуучу окуучуларга атайын жооп баракчасы таратылып берилет, бул жооп баракчасына аты-жөнү, мектеби, телефону толтурулат. Сынакта жооп баракчасы карандаш менен толтурулат, өчүргүч (резина) колдонууга уруксат берилет. Сынакта 3 туура эмес жооп 1 туура жоопту жоюп коет.

**2.3.** Биринчи турдун жыйынтыгы кабыл алуу комиссиясы тарабынан окуучулардын жооп баракчасындагы маалыматтар боюнча телефон аркылуу маалымдалат.

**2.4.** Биринчи турдун жыйынтыгы менен кабыл алуу комиссиясы тарабынан белгиленген (чектелген балл) баллдан жогору алган окуучулар сынактын экинчи баскычына чакырылат.

**2.5. II - баскыч:** Сынактын экинчи туруна өткөн окуучулар математика жана логикадан 25 суроодон турган (математика - 15 суроо, логика - 10 суроо) тапшырманы аткарышат. Сынактын жалпы мөөнөтү - 60 мин.

**2.6.** Сынактын биринчи жана экинчи баскычынын жыйынтыгынын орточо баллына жараша окуучу “Сапат” лицейлерине окууга мүмкүнчүлүккө ээ болот.

**2.7.** Сынак учурунда ата-энелердин класстарга кирүүсүнү уруксат берилбейт.
**2.8.** Сынактын экинчи баскычында лицей тарабынан сынактын катышуучуларын сүрөткө тартууга уруксат берилет. Катышуучулардын сүрөттөрү жооп кагаздарына бекитилет.
**2.9.** Сынактын 2-баскычы аяктагандан кийин өткөн окуучулардын жана кошумча кандидаттардын тизмеси чыгат.
**2.10.** Сынактан өткөн окуучуларга атайын сынактан өткөндүгү тууралуу кат берилет.
**2.11.** Сынактан өткөн окуучуларга белгилуу убакыт берилип, көрсөтүлгөн мөөнөттөн баштап керектүү документтер топтолуп, лицейдин жетекчилиги менен келишим түзүлөт. Көрсөтүлгөн мөөнөттөрдө каттоодон өтпөсө орду башка окуучуга берилет.
**2.12.** Лицейдин жетекчилиги негизги орундарды ээлеген окуучулар келбей калган учурда кандидат окуучуларды алууга укуктуу.
**2.13.** Кабыл алуу сынагына белгилуу себептер менен (ооруп калуу, чет өлкөдө болуусу ж.б.) сынакка катышпай калган окуучулар үчүн лицей жетекчилиги бир күндү белгилеп, сынак өткөрөт.
**2.14.** Сынактын биринчи жана экинчи баскычтарындагы окуучунун алган баллдары төмөндөгүдөй эсептелет. Биринчи баскычтагы суроолордун саны экинчи турга салыштырмалуу 3 эсе коп болгондуктан, экинчи турдун баллын 3кө көбөйтүлүп, биринчи турдун жыйынтыгына кошулат.

ЖАЛПЫ БАЛЛ = 1 турдун сынактагы баллы + (2тур сынак баллы • 3)

## III. Акылуу билим беруу кызматына берилуучу жецилдиктер

**3.1.** Сынактын биринчи жана экинчи баскычтарынын жыйынтыгынын орточо баллына жараша акылуу билим беруу кызматында жеңилдиктер берилет. Жалпы берилуучу жеңилдиктер толугу менен “окуу төлөмүндөгү жеңилдиктер” жобосуна ылайык берилет.